# Алдадың

Гүл бакчаны аралап
Экөөбүз бирге жүрөбүз
Көз артышат бизди карап
Баарысы, жашы-карысы
Көз тийдиби, суук көздөр
Билбедим, көздөр тийдиби?
Биздин сүйүү муздап барат
Барган сайын муз болуп барат
Сен мени алдадың
Алдадың, дагы-дагы алдадың
Мен байкуш алдандым
Алдандым, дагы-дагы алдандым
Сен мага сүйөмүн
Сүйөмүн деген сөздөрүң кайда?
Мен болсо, ишенип
Ишенип жүрүпмүн кайра-кайра
Деген сөздөрүң кайда?
Ишенбеймин эми сага, сага
Алдадың, алдадың мени
Менин болгон сүйүүмдү
Өчүрдүң болгон сүйүүмдү
Ишеничим түгөндү сага болгон
Баары түгөндү
Эми жалгыз кетсемби
Жер жүзүнө тентип кетсемби?
Же болбосо, бул Ааламды
Колум шилтеп, таштап кетсемби
Сен мени алдадың
Алдадың, дагы-дагы алдадың
Мен байкуш алдандым
Алдандым, дагы-дагы алдандым
Сен мага сүйөмүн
Сүйөмүн деген сөздөрүң кайда?
Мен болсо, ишенип
Ишенип жүрүпмүн кайра-кайра
Деген сөздөрүң кайда?
Сөздөрүң кайда?
Ишенбеймин эми сага
Деген сөздөрүң кайда?
Ишенбеймин эми сага, сага